## 2019-2023-жылдардагы[1] Кыргыз Республикасынын чекене соодасы

**Чекене соода жана тамактануу ишканалары.** 2023-жылы чекене соода жүгүртүүнүн[2] көлөмү мурунку жылга салыштырмалуу 14,5 пайызга көбөйүп, 772 млрд. сомду түздү, ал эми 2019-жылга салыштырганда ал 18,9 пайызга өстү. Чекене сооданын жалпы көлөмүндөгү соода уюмдарынын (уюштурулган соода) соода жүгүртүүсү 65 пайызды, базарлардын (уюштурулбаган соода) соода жүгүртүүсү 35 пайызды түздү.

**Чекене сооданын негизги көрсөткүчтөрү**
(*млн. сом*)

| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Чекене соода жүгүртүү** - бардыгы, анын ичинде: | **407 605,8** | **355 956,6** | **471 605,0** | **608 432,4** | **771 972,3** |
| соода уюмдарынын | 237 533,9 | 217 695,6 | 293 289,4 | 384 678,4 | 499 324,7 |
| буюм-терим, аралаш жана азык-түлүк базарларда товар сатуу | 170 071,9 | 138 261,0 | 178 315,6 | 223 754,0 | 272 647,6 |
| Чекене соода жүгүртүүнүн жалпы көлөмүнүн ичинен: | | | | | |
| азык-түлүк товарлары | 223 368,0 | 200 068,7 | 258 439,5 | 323 077,6 | 399 881,7 |
| азык- түлүк эмес товарлар | 184 237,8 | 155887,9 | 213165,5 | 285 354,8 | 372090,6 |
| **Малымдоо:** | | | | | |
| **Калктын жан башына эсептелген чекене соода жүгүртүү**, *сом* | 65 139 | 55 866 | 73 266 | 95 623 | 119 181 |

Чекене соода жүгүртүүнүн көлөмү калктын жан башына алганда 2022-жылга салыштырмалуу 13 пайызга жогорулады жана 119 миңден сомдон ашты. Ал Бишкек жана Ош шаарларында орточо республикалык деңгээлден жогору болуп түзүлдү.

Чекене соода жүгүртүүдөгү эң чоң үлүш соода уюмдарына (уюштурулган соодага) туура келет. 2023-жылы алардын жүгүртүүсү 499 млрд. ашык сомду түзүп, мурунку жылга салыштырмалуу 17 пайызга, ал эми 2019-жылга салыштырмалуу 1,4 эсеге көбөйдү.

Базарларда товарларды сатуунун жүгүртүүсү (уюштурулбаган соода) 2023-жылы 273 млрд. сомго жакындап, 2022-жылга салыштырмалуу дээрлик 10 пайызга көбөйдү, ал эми 2019-жылга салыштырмалуу 7 пайызга өстү. Муну менен бирге, акыркы беш жылдын ичинде чекене сооданын жалпы көлөмүндөгү уюштурулбаган сооданын үлүшүнүн төмөндөө тенденциясы белгиленди - 2019-жылдагы 42 пайыздан 2023-жылдагы 35 пайызга чейин, ошол эле убакта бул мезгил ичиндеги уюштурулган сооданын үлүшү тескерисинче 58 пайыздан 65 пайызга чейин көбөйдү.

[1] 2023-жыл үчүн берилген маалыматтар алдын ала алынган маалыматтар.
[2] Мотор майынын чекене соода жүгүртүүсүн, автоунаалардын, мотоциклдердин чекене соодасын жана тамактануу ишканаларынын (ресторандар, кафелер, барлар, ашканалар ж.б.у.с.) жүгүртүүсүн камтыйт.

**Уюштурулган жана уюштурулбаган сооданын көлөмү**

*(пайыз менен)*




Акыркы беш жыл аралыгында чекене соода жүгүртүүдө азык-түлүк эмес товарларга караганда азык-түлүк товарларын сатуу көлөмүнүн үлүшүнүн үстөмдүгү сакталууда.

2023-жылы мурунку жылга салыштырганда азык-түлүк товарлары 12,7 пайызга , ал эми 2019-жылга салыштырмалуу 16,9 пайызга көп сатылды.

Азык-түлүк товарларын сатуудагы эң жогорку үлүш (24 пайызга жакын) ун, нан жана нан азыктарына, 11,4 пайызы – эт жана эт азыктарына жана 6,7 пайыз алкоголдук ичимдиктерге туура келди.

**2023-жылдагы азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн сатылышы**

*(жыйынтыкка карата пайыз менен)*




2023-жылы мурунку жылга салыштырмалуу балыктын (16 пайыз), алкоголсуз суусундуктардын (13 пайызга), акшактын (7,6 пайыз)  жана ундун (5,9 пайызга) сатуусунун олуттуу көбөйүшү байкалды.

Азык-түлүк эмес товарлардын чекене соодасынын жүгүртүү көлөмү 372 млрд. сомдон ашып, мурунку жылга салыштырмалуу 16,6 пайызга, ал эми 2019-жылга салыштырмалуу 1,4 эсеге көбөйдү.

2023-жылы азык-түлүк эмес товарлардын түзүмүндөгү эң чоң үлүш күйүүчү-майлоочу материалдарга (35,5 пайызга), курулуш материалдарына (12,9 пайыз), автоунааларга (13,4 пайыз) жана фармацевтикалык препараттарга (10,1 пайыз) туура келди.

2023-жылы чекене соода жүгүртүү көлөмүнүн мурунку жылга салыштырмалуу өсүшү республиканын бардык региондорунда байкалды. Республиканын чекене соода

жүгүртүүсүнүн көлөмүндөгү эң чоң салыштырма салмакты Бишкек шаары (39 пайыздан көп), Чүй (15 пайыздан көп) жана Жалал-Абад облустары (14 пайыздан көп) ээледи.

**2023-жылдагы аймактар боюнча чекене соода жүгүртүүнүн көлөмү**

*(жалпы жыйынтыкка карата пайыз менен)*




2024-жылдын 1-январына карата республиканын аймагында чекене соода түйүнүн түзүүчү 32 миңден ашык чарба жүргүзүүчү субъект (автоунааларга май куюучу станцияларды, дарыканаларды эсепке алганда) катталган, бул 2023-жылдын ушул датасына салыштырмалуу 9,6 пайызга көп.

2023-жылы тамактануу ишканаларынын жүгүртүү көлөмү 2019-жылга салыштырмалуу 7,2 пайызга, ал эми мурунку жылга салыштырмалуу 26,6 пайызга өсүп, 36 млрд. сомдон ашты. Муну менен бирге 2023-жылы өткөн жылга салыштырмалуу республиканын бардык региондорунда жүгүртүү көлөмүнүн өсүшү белгиленди.

**Аймактар боюнча тамактануу ишканаларынын жүгүртүүсүнүн көлөмү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылга карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | **2019** | **2023** | **2019** | **2023** |
| **Кыргыз Республикасы** | **22 283,1** | **36 008,4** | **107,4** | **126,6** |
| Баткен облусу | 1 023,0 | 1 481,9 | 102,8 | 108,5 |
| Жалал-Абад облусу | 3 054,7 | 4 107,7 | 104,3 | 108,7 |
| Ысык-Көл облусу | 564,7 | 507,3 | 102,6 | 118,5 |
| Нарын облусу | 83,2 | 100,3 | 102,0 | 110,6 |
| Ош облусу | 1 162,9 | 1 633,6 | 103,1 | 106,7 |
| Талас облусу | 253,3 | 507,1 | 105,1 | 107,1 |
| Чүй облусу | 1 529,2 | 5 546,4 | 106,4 | 125,1 |
| Бишкек ш. | 11 964,5 | 19 019,3 | 109,8 | 142,0 |
| Ош ш. | 2 647,6 | 3 104,8 | 106,2 | 104,1 |

**Базарлардын ишмердиги.** 2024-жылдын 1-январына карата республиканын аймагында 349 буюм-терим, аралаш жана азык-түлүк базарлары иш жүргүзгөн. Алардын ичинен 303 базар - азык-түлүк жана азык-түлүк эмес товарларын сатуу боюнча, 36 – малдарды, канаттууларды жана жем-чөп, ал эми 10 базар – автоунааларды жана автоунаа тетиктерин сатуу боюнча иш жүргүзүшкөн. Алардагы соода орундарынын саны 78,8 миңди түздү.

**Аймактардагы базарлардын саны**
*(бирдик)*




**Керектөө рыногу, МКТ жана туризм статистикасы башкармалыгы**

324 725, 664 166